JOINT SDG FUND

# Каржылоонун комплексттүү улуттук механизмдери

Каржылоонун комплексттүү улуттук механизмдери (ККУМ) өлкө деңгээлинде өлкөнү туруктуу өнүктүрүүнүн приоритеттерин жана туруктуу өнүгүү максаттарын (ТӨМ) каржылоонун негизги булагын камсыз кылат.

Бул механизм  өлкөлөргө бардык финансылык саясатты узак мөөнөттүү приоритеттерине шайкеш келтирүүнү жакшыртууга жардам берет.

ККУМ каржылоо булактарынын толук спектрин - мамлекеттик жана жеке каржылоонун ички жана эл аралык булактарын - жана аларды жөнгө салуучу саясатты бириктирет.

ККУМ өкмөттөр инвестицияларды көбөйтүү, тобокелдиктерди башкаруу жана алардын улуттук туруктуулук планында аныкталган туруктуулук  приоритеттеринежетүү үчүн финансылык стратегияны иштеп чыгуу үчүн механизм камсыз кылат.

INFF


**Бүгүнкү күндө дүйнөнүн 100гө жакын өлкөсү БУУнун 21 уюмунун жана кеңири эл аралык коомчулуктун колдоосу менен ККУМин иштеп чыгуу жана ишке ашыруу процессинде.**

Бул өлкөлөрдүн арасында:

**33** начар өнүккөн өлкө;

**66** орто кирешелүү өлкө;

**18** өнүгүп келе жаткан кичинекей арал мамлекеттер бар.



# ККУМ Кыргыз Республикасында

ККУМ Кыргыз Республикасында өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясын жана ТӨМ максаттарын ишке ашырууну колдоо үчүн мамлекеттик каражаттарды пайдалануунун натыйжалуулугун жана ачыктыгын жогорулатууга жана жеке каржыны башкарууга багытталган комплекстүү финансылык стратегияны түзүүдө.

Президенттин Администрациясы Кыргыз Республикасында ТӨМгө жетишүү параллелдүү түзүмдөрдү түзбөстөн, улуттук өнүктүрүү саясатына жана пландаштыруу процесстерине толугу менен интеграцияланышы керек деп аныктады. Ошентип, ККУМ азыркы тапта иштеп жаткан мамлекеттик структураларга интеграцияланат. Кыргызстандагы ККУМ платформасы ТӨМгө багытталган каржылоого өтүүнү колдогон жана туруктуу өнүгүүнүн улуттук стратегияларын, пландарын жана макроэкономикасын ишке ашырууну колдогон комплекстүү каржылоо стратегиясын иштеп чыгууга жардам берүү үчүн бир катар динамикалык жана интерактивдүү инструменттерди сунуштоо аркылуу чечим кабыл алуучулар жана улуттук кызыкдар тараптарды колдоо максатын көздөйт.



# Кыргыз Республикасындагы ККУМнин негизги даталары

**2019**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Бириккен Улуттар Уюмунун Генералдык Ассамблеясында Улуттук стратегияны ишке ашырууну колдоо үчүн ККУМди ишке киргизүүгө милдетин алды.

**2020**

БУУнун ТӨМ менен биргелешкен фондунун каржылык колдоосу менен Кыргызстанда ККУМ процесси баштады.

**2021**

Салык жеңилдиктери системасын оптималдаштыруу жолу менен өнүктүрүү пландарын ишке ашырууну тездетүү.

**2022**

Өнүктүрүүнү каржылоо агымын изилдөө жана талдоо үчүн Өнүктүрүү каржысын баалоо процесси башталды.

Мамлекеттик каражаттарды башкаруу боюнча иш-чаралар өкмөткө фискалдык саясатты ишке ашырууга көмөк көрсөтүү максатында уюштурулуп жатат.

**2023**

Өнүгүү каржысын баалоо процессине жетекчилик кылуу жана учурдагы финансылык агымдарды баалоо үчүн ТӨМдү Каржылоо Стратегиясы иштелип чыкканы жатат.

# ККУМтин негизги этаптары

ККУМ башталгыч фазадан кийин төрт негизги структурадан турат. Ар бир этап туруктуу өнүгүү үчүн зарыл болгон каржыны стратегиялык пландоо, мобилизациялоо жана башкаруу боюнча улуттук потенциалды түзүүдөгү маанилүү компонентти болот.



# Кыргызстандагы ККУМин аралык жыйынтыктары




1. Өнүктүрүү каржысын баалоо, каржылоодогужетишпестиктер, чектөөлөр жана тобокелдиктер жөнүндө негизги түшүнүктү түзүү, өкмөткө жана анын өнөктөштөрүгө негизги финансылык көйгөйлөрдү чечүү үчүн приоретгуу маселелерди аныктоодо жана консенсуска келүүдө колдоо көрсөтүү максатында өткөрүлдү.

2. Кыргызстанда өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүнө көмөктөшүү үчүн салыктык жеңилдиктер жөнүндө жобону белгилеген жаңы Салык кодекси киргизилди. Атап айтканда, экономиканын приоритеттүү секторлоруна инвестицияларды жана каржылоону тартуу жана өнүктүрүүнүн Улуттук стратегияларынын туруктуу өнүгүү артыкчылыктарына жетишүү үчүн салыктык жеңилдиктерди берүү үчүн негиздерди белгилейт. Кыргызстандагы ТӨМ жана салыктык жеңилдиктер тууралуу кененирээк маалымат биздин басылмада.

3. Жаштарга, аялдарга жана аз камсыз болгондорго басым жасоо менен өлкөдө иш менен камсыз кылуу жана көндүмдөрдү өнүктүрүү чөйрөлөрүндө гүү облигацияларды өнүктүрүү жана ишке ашыруу потенциалын изилдөө үчүн Кыргызстанда өнүгүү облигациялардын техникалык-экономикалык негиздемеси жүргүзүлгөн. Бул изилдөө Кыргызстандын технологиялык инновациялар менен жабдылган жогорку билимдүү мамлекет болууга умтулуусун баса белгилеген Орто мөөнөттүү улуттук өнүгүү стратегиясын (2021-2026) ишке ашыруунун алкагында жүргүзүлдү. Алгачкы жыйынтыктар өнүгүүгө таасир этүүчү облигациялар социалдык таасир берүүчү облигацияларга караганда ылайыктуураак экенин көрсөтүп турат. Социалдык таасир берүүчү облигациялар адатта инвесторлор үчүн кирешенин рыноктук нормасына ээ жана валютада төлөөгө керек болгондуктан, донордук агенттиктер Кыргыз өкүмөтүнө салыштырмалуу эң ылайыктуу төлөөчүлөр болушу мүмкүн.

## БААЛОО ЖАНА ДИАГНОСТИКА

Жеткиликтүү каржылоону жана потенциалды, анын ичинде туруктуу өнүгүүнүн улуттук артыкчылыктарын каржылоо менен байланышкан потенциалдуу дефицит жана чектөөлөрдү аныктайт.

ККУМ жол картасы улуттук өнөктөштөр жана эл аралык эксперттер менен тыгыз кызматташтыкта аныкталган.

Өнүктүрүүнүн каржылык баалоосу каржылоо боштуктары, чектөөлөр жана тобокелдиктер жөнүндө негизги түшүнүктү түзүү үчүн жүргүзүлөт.




## ФИНАНСЫЛЫК СТРАТЕГИЯ

Финансылык стратегия туруктуу өнүгүүнүн улуттук максаттарына жетүү үчүн зарыл болгон мамлекеттик жана жеке инвестицияларды мобилизациялоо процессин аныктоо процессинде турат.

Стратегия көлөмдү жана каржылоо максаттарын аныктайт, ошондой эле саясаттын варианттарын жана каржылоо инструменттерин аныктайт.

Финансылык саясаттын көлөмү жана максаттары белгиленет Саясаттын варианттары аныкталып, артыкчылык берилет.

## МОНИТОРИНГ ЖАНА БААЛОО

Саясатты иштеп чыгуу үчүн прогресске көз салуу жана мурунку тажрыйбадан жыйынтык чыгаруу.

## БАШКАРУУ ЖАНА КООРДИНАЦИЯЛОО

ККУМ күчтүү саясий колдоо жана кеңири улуттук менчик менен суроо-талапка негизделген болушу керек.

# ККУМ өнөктөштүк

INFF | Facility

UNDP

UN DESA

OECD

unicef
unite for children

Supporting partners

Sida

Italian Development Cooperation
Ministry of Foreign Affairs and International Cooperation

ККУМ жөнүндө
көбүрөөк маалымат:

undpkg